КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**09-октябрь 2025-жыл № 6** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Катар-Жаңгак айылындагы № 32 Ж.Канашев атындагы орто мектептин окуучулары үчүн 2025-2026-окуу жылына маршруттук каттамга акча каражатын бекитип берүү жөнүндө"**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 08.10.2025-жылдагы № 01-17/705 сандуу катындагы Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Катар-Жаңгак айылындагы № 32 Ж.Канашев атындагы орто мектептеп окуучулары Үч-Булак айылындагы № 20 Махмадалиев атындагы орто мектебине 2025-2026-окуу жылы үчүн барып билим алууга, маршруттук жол каттамына акча каражатын кароого, "Бюджет жана экономика, ички жана сырткы инвестицияны тартуу боюнча" туруктуу комитетинин корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү XIII-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Катар-Жаңгак айылындагы № 32 Ж.Канашев орто мектебинин 5-класстан 11-класска чейинки 165 окуучуга маршруттук жол каттамы үчүн 400 000 (бир жүз миң) сом акча каражатын кароо жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**